## ТОКТОГУЛДУН ФИЛОСОФИЯЛЫК ЫРЛАРЫ

**ҮКҮЕВА БҮШАРИПА**
*п.и.д., ОшМУнун профессору*

Токтогул эки доорду башынан откоргон улуу демократ акын болуп эсептелгендиктен анын чыгармачылыгын 1877-1898,1899-1904,1905-1917,1818-19333-жылдар деп төрт мезгилге бөлүнүп каралып жүрөт.

Анын чыгармачылыгынын гүлдөп турган мезгилине биринчи бөлүштүрүү таандык. Анткени акындын алгачкы мезгилине Сибирге айдалганга чейинки атактуу «Алымкан» жана «Беш каман» ырлары киргендиги бизге малым. Анткени бул ырлар XIX кылымдын аягы жана XX кылымдын баш чениндеги ойчул акындардын ичинен Токтогул өзүнүн орошон таланты менен айырмаланып тургандыгын бардык кыргыз журтчулугуна маалымдайт. Анткени адамды курчап турган дүйнө бул көрүнүштөрдүн эн зор жана көп түрдүү картинасы болуп саналат. Эн жөнөкөй байкоолор көрсөткөндөй бул көрүнүштөр өз ара белгилүү аздыр көптүр туруктуу байланыштарда болуп, дүйнөдө белгилүү туруктуулук, удаалаштык байкалат. Маселен түндүн артынан күн, жаздын артынан жай келип, роза гүлүн отургузсан андан роза өсүп чыгат бирок андан ромашка өспөйт. Ошондуктан дүйнөнү философиялык жол менен таанып билүүнүн өнүгүү процессиндеги көрүнүштөрүнүн жалпы байланышын билдирген себептүүлүк, өз ара аракетенүү, зарылдык, закон, кокустук, маныз жана көрүнүш, мүмкүндүк жана чындык, форма жана мазмун сыяктуу категориялар бар. Ушул асперiден алып караганда Токтогулдун чыгармачылыгынын 4 мезгилин камтыган лирикаларынын баардыгында дээрлик философиялык ойлор камтылгандыгын көрөбүз.Себеби кандайдыр бир ырдын жаралышына себеп болгон сынары акындын «Алымкан» ырынын чыгышына эки жаштын ортосундагы ысык сүйүү себепкер болгон. Көп булактардан билгендей Алымкан кадимки акын менен замандаш жашаган Аксыда төрөлүп өскөн, тектүү жердин кызы. Эки жаштын сүйүүсүнүн аягы сүйүнүчтүү болбой. “Кедей ырчыга кызымды бермек белем” деп, кыздын атасы кызын маалдуу бай адамга көп калын алып берип жиберет.Эки жашка жасалган мындай адилетсиз чындык акындын сезимин куйкалап, “Алымкан” ырынын чыгышына себепкер болот. Философияда белгиленгендей себеп менен натыйжанын ортосунда убакыт жагынан белгилүү бир ыратуулук бар. Анткени кандай окуя же көрүнүш болбосун анын чыгышына кандайдыр бир нерсе себеп болот да, андан кийин ошол окуянын ишке ашышы үчүн аракет кандайдыр убакытта башталган сыяктуу Токтогулдун “Алымкан” ырын чыгарып, аны “Жаш кыял” деген күүгө салып чертүүсүнө себеп өбөлгө- натыйжа болгон. Ырдын варианттарынын көп түрдүүлүгүнө карабастан баардыгында акындын ички жан дүйнөсүндөгү сүйгөн кызына болгон аруу сезимдери сүрөттөлгөн:

Атка салган дилдейсин
Ачылган кызыл гүлдөйсүң
Бир күн оору бир күн соо
Алымкан азабың тартсам билбейсиң
Бетегелүү мйданым
Пейили жакшы жайдарым.
Көлөкөлүү майданым.

Көөнү жакшы жайдарым.-деп,Алымкандын мүнөзүн ачуу үчүн укмуштуудай салыштырууларды колдонуп, өз оюн элестүү бере алууга жетишкендигин көрөбүз. Мисалы акындын “Бетегелүү майданым”,Пейили жакшы жайдарым” деген саптарынын өзүндө эле бетеге-чөптөн эң баалуусу, эң назиги-майини ошондой чөптүн майданда-кеңдикте өсүүсүн Алымкандын ички касиети менен салыштыруу аркылуу Алымкандын мүнөзүнүн назиктигин, ошол эле мезгилде кеңдигин, сүйгөнүнө карата жагымдуу жан эриткен маанайын, жан дүйнөсү менен берилген мээримдүү чыныгы, адилет сүйүүсүн

билдиргендигин байкайбыз. Бирок акын сүйгөнүн эң сонун нерселерге салыштырып, канчалык тунук сүйүүсүн арнабасын турмуш чындыгы эки жаштын сүйүүсүнүн түбөлүктүү болушуна адилетсиз чечимин чыгарып, кандуу мөөрүн баскандыгына аргасыз экендигин:

Букардын тоосу бурулуш,
Бурулуп учат улуу куш.
Бурулуп мага келе кет,
Алымкан муңдууга салбай кыйын иш!.
Кашкардын тоосу кайрылыш,
Кайрылып учат улуу куш.
Кайрылып мага келе кет.

Алымкан, карыпка салбай кыйын иш.(3:19)-деп акын кайрылып, адам чыдагыс ички сезимдеринин кыйкырыгы менен Алымканга муңканып кайгырганы көрүнүп турат. Бул жерде акындын Алымканды муңдуу ыр, күүгө салышына себеп, аракетти пайда кылгандай, ар качан кээ бир шарттардын болушу талап кылынат. Ал эми шарттар бул белгилүү бир окуяннын башталышы үчүн зарыл болгон көрүнүштөр , бирок ошондой болсо да алар өзүнөн өзү аны пайда кыла албагандыгын “Алымкан” ырынын жаралуу шартынан көрдүк.

Философиянын чындык категориясы улуу акындын өзү жашаган коомдун карама-каршылыктарын, адилетсиздигин кашкайта ырга кошуп, чындыгын адилет айта билген ойчул акындыгынан да көрүнөт. Анткени, өзү жашап жаткан коомду таанып билүү-объективдүү дүйнөнүн чагылып көрүнүшү башкача айтканда акыйкат . ал эми акыйкат проблемасы таанып-билүүнүн теориялык борбордук маселеси болуп санала тургандыгы белгилүү. Бул жагдайдант алып караганда акын өзү жашап жаткан коомдо кыргыз эли кыйынчылык күнгө туш болуп, катуу эзүүнүн чордонунда калганынөз көзү менен көргөндүгү. Жан дүйнөсүндө акыйкаттык чындык калыптанган акын ал кыйынчылыктарды өз ырларында чагылдырып берүүгө аракеттенгендиги.

Нарботонун бийлигиндеги өз элинин оор турмушу акын жүрөгүн эзип, туз куйгандай ачыштырды. Ал өлгөндөн кийин аны Рыскулбек бийлесе, андан кийин Дыйканбай баш болгон беш уулунун бийлиги элдин сөөгүнө жетип, чучугун какшаткандыгын Беш каман“ ыры аркылуу акындын ою ачык акыйкатка чыкты. Мындай эзүүгө чыдабаган элдин улам наразылыгын беш каман улам басып, эркиндикке чыгуунун жолун билбеген элди бийлиги менен баш көтөртбөй туруута жетишкендигин, эл урууга, жети атага бөлүнүп, ортодо ынтымак ыдырагандыгын акын:

Жетим жесир алсызга,
Карабадың беш каман,
Жетилсин деп жардыны,
Санабадың беш каман.
Жеп ичкенден башканы,
Каалабадың беш каман.
Он асыйга бир жыктың,

Орозаалы карыны.(Орозаалы- Токтогулдун айылындагы дыйкан киши. “Менин жигитиме кол кайырдың”- деп, Дыйканбай ал кишиге он айып салган).

Бүтүн элдин акысы-
Өмүрүңдүн жарымы.
Көралбайсын жардынын,
Жакшы ат таап мингенин,
Акмат, Дыйкан, Атакан,
Көркоолугун бул сенин
Талап кылып тентиттиң,
Боромбайдын Сарысын-( Токтогул менен бирге айдалган Сары уста).
Күндө жейсин айыптап,

Күлдү, журтту баарысын,
Жыгып алдың Атакан,
Тоялынын чалышын( Тоялы деген кишинин жакшы атын Керимбай тарттырып алган).
Токтотту далай бечара,
Той менен ашка барышын.
Жетим менен жесирдин,
Тыңдабадың арызын,
Тырмагың уу бүркүттөй,
Тукумуң кантип жарысын?

Өчөшсөң Миңбай, Атакан,
Мени да жыгып аларсың,
Токтогул деп кекетсең,
Тогуз айып саларсың.
Адатыңды карматсаң,
Үй оокатын талаарсың.
Канкорлугуң кармаса,
Өлтүрүп каным жалаарсың.

Уу тырмактуу беш канкор,
Өлтүрсөң да жалынбайм,
Эки келбейм жаралып,
Өлгөн соң кайра табылбайм.( 3: 37-38) деп, Токтогул беш камандардын образдарын элестүү ачуу үчүн аларга карата "Алдамчы", " Жалганчы", "Канкор", "Көркоо" сыяктуу куйкум салыштырууларды колдонгон. Бул ырдын жыйынтыгында көрүнүп тургандай, Токтогул акыйкат чындык үчүн, жанын да аябаган патриот акын экендиги көрүнүп турат.

Анткени, объективдүү акыйкат, объективдүү дүйнөнү, анын закон ченемдүүлүктөрүн жана касиеттерин туура чагылдырып көрсөтөт. Адам акыйкатка бийлик кыла албайт. Ал өзүн курчап турган дүйнөнү, өз турмуш шарттарын өзгөртө алат. Бирок ал өз эрки менен акыйкатты өзгөртө албайт. Анткени акыйкат- объективдүү жашап турган нерсени чагылтып көрсөткөн сыңары Токтогул да, көз алдында болуп жаткан акыйкат оор жашоону өзгөртө албай, анын жолун билбей ырга салуу менен чындыкты даңазалаган улуу ойчул акындын ырлары кайсы мезгилде жаралбасын, эзүүчүлөргө каршы уусу күч , өткүр, курч, жебелик күчүнөн тайбаган. Анын натыйжасы акынды бай-манаптар тарабынан адилетсиз кармалып, өлүм жазасына буюртуп, ал кийин которулуп, сүргүнгө Сибирге айдалышына себеп болгон. Бирок бул жаза залкар акын үчүн чыгармачылык жана турмуштук такшалуунун майнаптуу натыйжасын берип, кайра анын ырларынын идеялык- көркөмдүк жактан курчуп бийиктешине шарт түзгөн. Ага акындын сүргүндөн келгенден кийинки ырлары да мисал боло алат.

**Адабияттар :**


1. Ж. Жаныбеков Кыргыз философиясы (10-21кылым). Окуу куралы. –Ош. 2006.
2. Ж. Таштемиров Токтогулдун акындык чеберчилиги. –Ф.:Илим.1976.
3. Токтогул . Чыгармалардын эки томдук жыйнагы. 1-том. Ырлар .-Ф.: Адабият 1989. 19-бет, 37-38- бет.